| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>НООКЕН РАЙОНУ<br>БҮРГӨНДҮ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКЕНСКИЙ РАЙОН<br>БУРГАНДИНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Бүргөндү айылдык кеңешинин
XXVIII – чакырылышынын кезектеги XVIII – сессиясынын

Жаңы-Арык айылы **№ 6 – Т О К Т О М У** 6-апрель 2023-жыл

**“ Бүргөндү айыл аймагындагы балдар бакчаларынын жетекчилеринин кайрылууларын кароо жөнүндө”**

Аймактагы №5 “Белек”, №23 “Келечек”, №28 “Алтын-Уя”, №30 “Бөбөк”, №32 “Таң-Нуру”жана №43 “Керемет” жалпысынан 6 балдар бакчасында тарбияланып жаткан 420 балага шейшептерин жана тамактануусундагы идиштерин жаңылоо үчүн керектелген акча каражатын жергиликтүү бюджеттин эсебинен ажыратып берүү жөнүндөгү балдар бакчасынын жетекчилеринин биргелешип жазган кайрылуусун угуп жана талкуулап Бүргөндү айылдык кеңешинин XXVIII – чакырылышынын кезектеги XVIII – сессиясы

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Бүргөндү айыл аймагындагы балдар бакчаларынын жетекчилеринин жазган кайрылуулары эске алынсын.

2. Бүргөндү айыл аймагында жайгашкан алты балдар бакчасында тарбияланып жаткан 420 баланын көп жылдан бери жаңыланбай келген шейшептерин жана тамактануусундагы идиштерин жаңылоо, аталган керектөө буюмдарын сатып алуу үчүн керектелген 300 000 (үч жүз миң) сом акча каражаты жергиликтүү бюджеттин эсебинен каралсын жана мыйзамдуу жумашалышын көзөмөлгө алуу жагы айыл өкмөт башчысы З.Арстанбековго милдеттендирилсин.

3. Жогоруда каралган акча каражаттары менен камсыз кылуу жагы айыл өкмөтүнүн башкы эсепчиси М.Осмоновго жүктөлсүн.

4. Бул токтом массалык маалымат каражаттарына же сайтка жарыялансын.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бүргөндү айылдык кеңешинин Финансы, бюджет экономика, чакан жана орто бизнести өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ө. Калмуратовко милдеттендирилсин.

**Бүргөндү айылдык кеңешинин төрагасы:** ____________ **Б. Кубатов**